**«Сүйүү кечи»**

Сөзү: Борбуев Берадор Сманович( Бек Борбиев)

Обону: Борбуев Берадор Сманович( Бек Борбиев)

Жайдын кечи биз турабыз жөлөнүп эки кайындай,

Сага болгон сезимдерим туйлайт  жайлоо тайындай

Кубанычым сени көрүп койнума батпай,

Махабатым ташкын салат күчүнөн кайтпай,

Армандарды бүгүн кантем сага айтпай.

Кайырма:

Сүйүү кечи, сүйүү кечи

Сезим кечи, арзуу кечи

Сүйөм дечи, сүйөм дечи

Бүгүн жаным шыбырай

Биз салкында басып жүрдүк, себелеп жамгыр бүркүндү,

Миң кайталап өзөн турду, шыңгыр сенин күлкүңдү,

Кучактаймын бери тартам, белиңден ыктай,

"Байке" деген уялыңкы сөзүңдү укпай,

Буга чейин канткем сени жолуктурбай

Бектурсунов Ильяз Кылычбекович(Ильяз Андаш)